**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмү.**

**Таш-Көмүр шаарынын 2023-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышына, бюджеттик, атайын жана башка каражаттардын пайдаланылышына жана муниципалдык ишканалардын ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча**

# ОТЧЕТУ

**Аудиттин негизи:** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүмүнүн 2025-жылга аудитордук иш планы жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн жетекчисинин 2025-жылдын 17-июнундагы № 02-2/108 буйругу.

**Аудиттин максаты:** Таш-Көмүр шаарынын 2023-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышына, бюджеттик, атайын жана башка каражаттардын пайдаланылышына, муниципалдык ишканалардын ишмердүүлүгүнө шайкештик аудитин жүргүзүү.

**Аудит жүргүзүлүүчү объектилер:** Таш-Көмүр шаардык мэриясы, Таш-Көмүр шаардык Кеңеши, КРнын Финансы министрлигинин Таш-Көмүр финансы башкармалыгы, шаардык муниципалдык менчик департаменти (ШММД), «Таш-Көмүр Тазалык» муниципалдык ишканасы, Шамалды-Сай жана Кызыл-Жар аймактык башкармалыктары, “Суу-Чарба” суу менен камсыздоо чарбалык эсептеги ишканасы, Таш-Көмүр шаардык маданият бөлүмү, Таш-Көмүр дене тарбия жана спорт бөлүмү жана «Таш-Көмүр жарчысы» коомдук саясий гезитинин редакциясы.

**Аудит жүргүзүлүүчү мезгил:** 2023-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгы.

Аудит, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн жетекчисинин 2025-жылдын 17-июнундагы № 02-2/108 буйругунун негизинде аудиттик топ тарабынан, аймактык бөлүмдүн мамлекеттик инспектору - К.Ажиматовдун жетекчилигинде жана аймактык бөлүмдүн мамлекеттик инспекторлору Т.С.Зулпиев, М.Болушовдун катышуусунда ишке ашырылды.

Аудит жүргүзүү, Таш-Көмүр шаарынын мэри - К. Бектемировго билдирүү менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Таш-Көмүр башкармалыгынын башчысы - Досалиева Алымкан Атамырзаевнанын катышуусунда жүргүзүлдү. Аудит жүргүзүү боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн жетекчиси тарабынан маалымдоо каты жиберилип, шаардын жетекчилиги тарабынан макулдук берилген.

**Аудитордун милдети:**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудитте Таш-Көмүр шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, бюджеттик мекемелеринин жана муниципалдык ишканалардын ишмердигинин мыйзамдардын талаптарына (аудиттин критерийлерине) ылайык келүүсүнө өз алдынча жыйынтыкка келүү. Бул аудит өзүнө чыгарган жыйынтыктарды тастыктоочу жетишээрлик жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн процедураларын аткарууну камтыйт. Биз аткарып жаткан аудиттин процедуралары, азыркы кырдаалга дал келет деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук

далилдер, аудитордук отчётто жыйынтык чыгаруу үчүн негиз болууга жетишээрлик деп ойлойбуз.

**Колдонулган аудит стандарттары**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 19.12.2018-жылдагы №01-26/123 токтому менен бекитилген, Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайра каралган), шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө ылайык иш жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга ылайык келүүсү:**

Аудиттин эл аралык стандарттары бизди этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын баардык олуттуу аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу ченемдерге дал келүүсүнө негизделген ишенимге келүү үчүн, ошондой түрдө аудитти жүргүзүү жана мерчемдөөнү талап кылат.

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо:**

Аудит тарабынан Таш-Көмүр шаардык кеңешинин, Таш-Көмүр шаарынын мэриясын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Таш-Көмүр финансы башкармалыгынын жана Таш-Көмүр шаардык мэрияга караштуу ведомстволук бюджеттик мекемелеринин жана муниципалдык ишканаларынын ишине тиешелүү жергиликтүү бюджетти аткаруу, кирешелер жана чыгымдар сметасы жана Кыргыз Республикасынын мыйзамынын талаптарына ылайык муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча маселелер изилденди. Аудит өзүнө, бюджеттик, бюджеттен сырткары жана атайын каражаттардын чыгымдары ченемдик укуктук актыларга ылайык жүргүзүлгөндүгү боюнча жетиштүү жана талаптагыдай тастыкталган далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аудитке тиешелүү болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Таш-Көмүр финансы башкармалыгынын жана Таш-Көмүр шаарынын мэриясына караштуу муниципалдык ишканаларын тандоо, аудитти пландоо, олуттуулук факторлорун аныктоо, 2023-2024-жылдардагы чыгымдар көлөмүнүн олуттуулугуна жана иштин мүнөзүнө жараша жүргүзүлгөн. *(материалдар ар бир аудит объектиси боюнча өзүнчө түзүлгөн).*

**Аудит жүргүзүлүүчү обьектинин кыскача мүнөздөмөсү.**

Таш-Көмүр шаары областтык маанидеги шаар болуп Бишкек-Ош автомагистралынын жанында Нарын дарыясынын жээгинде жайгашкан. Шаар түндүк - чыгыш жагынан Кара-Көл шаары, чыгыштан Ноокен району, түндүк -батыш тарабынан Аксы району менен чектешкен. Республиканын борбору Бишкек шаарынан алыстыгы 450 км, областтык борбор Жалал-Абад шаарынан 120 км алыстыкта жайгашкан. Шаардын жалпы аянты 4723 га жер аянтын түзүп, калкынын саны 2025-жылга карата 21903тү түзөт.

**Бюджеттин түзүлүшү жана аткарылышына карата жергиликтүү бийлик органдары тарабынан кабыл алынган чечимдердин жана ченемдик-укуктук актылардын мыйзамдуулугунун сакталышына аудит.**

КРнын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын, « КРнын “Бюджеттик Кодексине” ылайык аудитке камтылган мезгилде шаардык Кеңештин сессияларынын жыйналыштарында негизинен бюджетти бекитүү, отчёттук мезгилде бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү, социалдык-экономикалык, чарбалык жана башка маселелер каралган. Таш-Көмүр шаардык Кеңеши жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы болуп 31 жергиликтүү депутаттардан түзүлгөн.

Шаардык Кеңештин алкагында депутаттар тарабынан сунушталган төрт туруктуу комитеттер бар, атап айтканда; бюджет жана экономика боюнча, социалдык маселелер боюнча, өнөр жай жана курулуш жумуштары боюнча жана мыйзамдуулукту жана этиканы сактоо боюнча комитеттер каралаган.

Таш-Көмүр шаардык Кеңешинде негизинен, Таш-Көмүр шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүү программасын кабыл алуу, мэриянын жергиликтүү шаардык бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн долбоорун бекитүү жана өзгөртүүлөрдү киргизүү, салыктык жана салыктык эмес кирешелери боюнча пландык-божомолун, социалдык камсыздоо, жер пайдалануу маселелери жана башка ар-түрдүү маселелер каралып, талкууланып чечим токтомдор кабыл алынып турат.

Буйруктар жана токтомдор негизинен Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад областындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн токтом, буйруктарын, шаардык Кеңештин токтомдорун турмушка ашырууга, бюджеттин аткарылышын камсыз кылууга, бюджеттик каражаттардын бөлүштүрүлүшүнө жана пайдаланышына, жер жана курулуш маселелерин чечүүгө, материалдык жардамдарды көрсөтүүгө жана социалдык чарбалык маселелерге багытталган.

**Шаардык бюджеттин киреше жана чыгашаларынын түзүлүшүнө аткарылышына аудит.**

Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин 2023-жылдын 6-мартындагы кезектеги 12-сессиясынын №1 токтому менен, 2023-жылга кирешелери 137727,4 миң сомго, чыгашалары 137727,4 миң сомго бекитилген. Ал эми, жыл ичинде өзгөртүү толуктоолордон кийин бюджет сметасынын кирешеси 150760,5 миң сомго такталып, аныгында 151595,0 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 834,5 миң сомго ашыкча же 100,5 % га аткарылган.

- Салык кирешелеринен түшүүлөр боюнча такталган план 119548,0 миң сом, аткарылганы 120007,5 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 459,5 миң сомго ашыкча, же 100,4 % га аткарылган.

- Салык эмес кирешелерден түшүүлөр боюнча такталган план 24279,4 миң сом, аткарылганы 24353,8 миң сомду түзүп планга салыштырмалуу 74,4 миң сомго көп аткарылган, же 100,3 % га аткарылган.

- Активдер жана милдеттемелер боюнча такталган план 1600,0 миң.сом түзүп бюджетке 1900,6 миң.сом түшкөн.Планга салыштырмалуу 300,6 миң.сомго көп аткарылган,же 118,8% га аткарылган.

Республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке берилген каражаттар жалпысынан 5333,1 сомду түзгөн, анын ичинен максатуу трансферттер 5333,1 миң сом. Трансферт түрлөрү боюнча сатуудан алынуучу салыктардын жоготууларын компенсациялоого 4732,7миң сом жана ГРС кызматкерине каржылоого 600,4мин сом.

Республикалык бюджеттен берилген каражаттар толугу менен максаттуу өздөштүрүлгөн.

Таш-Көмүр шаардык кеңешинин 2023-жылдын 6-мартындагы кезектеги 12-сессиясынын №1 токтому менен, 2023-жылга чыгашалары 137727,4 миң сомго бекитилген. Ал эми, жыл ичинде өзгөртүү толуктоолордон кийин чыгашасы 205356,9 миң сомго такталып, кассалык чыгым 186596,5 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 18760,4 миң сомго аз же 90,9 % га аткарылган.

Таш-Көмүр шаардык кеңешинин 2024-жылдын 30-майында кезексиз XXYII сессиясынын №-2 токтому менен, 2024-жылга кирешелери 168535,4 миң сомго, чыгашалары 168535,4 миң сомго бекитилген. Ал эми, жыл ичинде өзгөртүү

толуктоолордон кийин бюджет сметасынын кирешеси 325031,5миң сомго такталып, аныгында 314286,8 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 10744,7 миң сомго аз же 96,7 %га аткарылган.

Салык кирешелеринен түшүүлөр боюнча такталган план 118891,3 миң сом, аткарылганы 119716,0 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 824,7 миң сомго ашыкча, же 100,7 % га аткарылган.

- Салык эмес кирешелерден түшүүлөр боюнча такталган план 20766,8 миң сом, аткарылганы 20029,4 миң сомду түзүп планга салыштырмалуу 737,4 миң сомго аз аткарылган, же 96,4 % га аткарылган.

- Республикалык бюджеттен трансферттери боюнча такталган план 185373,4 миң сомго берилсе, бюджетке 185373,4 миң. сом түшүп 100,0 % га аткарылган. Трансферт түрлөрү боюнча шаарды өнүктүрүүгө 100,0 млн.сом, «Шахтер» стадиондун курулушуна 76,0 млн.сом, «Жылуулук» ишканасына бюджетный ссуда катары 9283,4 мин.сом, ГРС кызматкерине каржылоого 85,3мин сом,жана республикалык бюджетке түшүп калган жергиликтүү салымдарды кайтаруу 4,7 миң сом

- Республикалык бюджеттен шаарды өнүктүрүүгө келген трансферттен жылдын аягында өздөштүрүлбөгөн 12784,0 мин.сом акча каражаты республикалык бюджетке кайтарылып берилген.

- Активдер жана милдеттемелер боюнча бюджетке 3859,7 миң сом түшкөн.

Таш-Көмүр шаардык кеңешинин **2024-жылдын** 30-майында кезексиз XXYII-сессиясынын №-2 токтому менен, 2024-жылга чыгашалары 168535,4 миң сомго бекитилген. Ал эми, жыл ичинде өзгөртүү толуктоолордон кийин чыгашасы 344558,8 миң сомго такталып, кассалык чыгым 329506,5 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 15052,3 миң сомго аз же 95,6 % га аткарылган.

**Банктык жана казыналык операцияларды жүргүзүү:**

Таш-Көмүр шаардык бюджеттик мекемелеринин киреше жана чыгаша операцияларын жүргүзүү КРнын финансы министрлигинин Таш-Көмүр финансы башкармалыгынын “Бирдиктүү казыналык эсеп” счеттору аркылуу жүргүзүлгөн.

2023-2024-жылдар аралыгында жалпысынын 23 бюджеттик мекемелерди тейлеген.

- Республикалык бюджеттен каржыланган 13 мекеме - ишканалар. Алар 23 бюджеттик эсеп, 8 атайын эсеп, 14 депозиттик эсептери аркылуу тейленген.

- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары 10 мекеме. Алар: 21 бюджеттик, 6 атайын жана 9 депозиттик эсептер аркылуу тейленген.

2023-жылдын 1-январына карата Таш-Көмүр шаарынын мэриясынын казына бөлүмүндөгү аккумуляционный эсеп счетунда калдыгы 54 686,4 мин сом, анын ичинен; бюджеттик каражаттар боюнча эсебинде 54 241,2 мин сом, атайын каражат боюнча эсебинде 445,2 миң сом.

2023-жыл аралыгында жалпысынан Таш-Көмүр финансы башкармалыгынын казына бөлүмүнө киреше боюнча түшүүлөр 237 781,4 миң сомду түздү, анын ичинен; республикалык бюджетке түшкөн кирешелер 107745,8 миң сом, жергиликтүү бюджетке түшкөн кирешелер 130035,6 миң сомду түзөт.

Депозитик эсебинде 2023-жылдын 1-январына карата калдыгы 735,9 миң сом, жыл ичинде 1 518,9 миң сом кириштелип, чыгашалары 1 811,9 миң сомду түзүп, 31.12.2023-жылга карата калдыгы 442,3 миң сомду түзгөн.

2024-жылдын 1-январына карата Таш-Көмүр шаарынын мэриясынын казына бөлүмүндөгү аккумуляционный эсеп счетунда калдыгы 19685,0 мин сом, анын ичинен; бюджеттик каражаттар боюнча эсебинде 18 128,0 мин сом, атайын каражат боюнча эсебинде 1 557,0 миң сом.

2024-жыл аралыгында жалпысынан Таш-Көмүр финансы башкармалыгынын казына бөлүмүнө киреше боюнча түшүүлөр 475 712,8 миң сомду түзөт, анын ичинен республикалык бюджетке түшкөн кирешелер 178 998,1 миң сомду, жергиликтүү бюджетке түшкөн кирешелер 296 714,7 миң сомду түзөт.

2024-жылдын 31-декабрына карата калдыгы 4 130,0 мин сом, анын ичинде; бюджеттик каражат боюнча эсебинде 4 130,0 миң сом, атайын каражат боюнча эсебинде 335,2 миң сом.

Депозитик эсебинде 2024-жылдын 1-январына карата калдыгы 442,3 миң сом, жыл ичинде 10 976,1 миң сом кириштелип , чыгашалары 8 115,1 миң сомду түзүп, 31.12.2024-жылга карата калдыгы 3 303,3 миң сомду түзгөн.

Кирешелердин чегерилиши АИС:Казына.Бюджет программасы аркылуу жүргүзүлөт. Күнүмдүк банк-агент аркылуу бирдиктуу казыналык эсепке түшкөн кирешелер салыктардын түрлөрү боюнча жана кирешелердин классификациясынын негизинде АИС:Казына.Бюджет программасы аркылуу кирешелердин ээлерине чегерилет. Күн сайын казына бөлүмү АИС:Казына.Бюджет программасы менен киришелердин бирдиктүү реестрди 2 нускада иштеп чыгып, 1 нускасын салык кызматкерине кол койдуруп берет. Кирешелердин жалпы тутуму шаардык салык кызматы менен такталып, салыштырылып, салыштырма акты түзүлүп турган.

**Аудит жүргүзүүнүн жыйынтыгында төмөнкүлөр аныкталды:**

**КРнын Эсептөө палатасы тарабынан мурдагы жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча берилген жазма буйруктардын аткарылышы.**

Таш-Көмүр шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 2021-жылдын 1-январынан 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына карата мурдагы аудит, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүнүштүн мамлекеттик инспектору – А.Токоевдин жетекчилигинде жүргүзүлгөн.

Аудиттин жыйынтыгында жалпысы болуп **5612,1** миң сомдук каржылык чектен чыгуулар аныкталган. Аныкталган финансылык бузуулардын ичинен өндүрүүгө жатканы 1126,1 миң сом болсо, анын ичинен 120,3 миң сом аудит мезгилинде, ал эми калган суммалар аудиттен кийин өндүрүлүп калыбына келтирилген.

Мындан сырткары **4486,0 миң сом**дук бюджеттик жоготуулар аныкталса, анын ичинен: зыяндуулук үчүн төлөмдөр 996,3 миң сом, ашыкча штат бирдиктерин кармоолорго 3468,1 миң сом, электр энергиясын пайдалануу эрежелерин сактабагандыгы үчүн салынган айыптар 4,6 миң сом, бюджеттик каражаттарды натыйжасыз пайдалануу 6,8 миң сом жана күйүүчү майларды ченемден ашыкча иштетүүлөр 10,2 миң сомду түзүп, жоготууларга жол берилген.

Аудиттин жыйынтыгы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн коллегиялык отурумунда каралып, коллегиянын чечими менен Таш-Көмүр шаардык мэриясына, финансы министрлигинин Таш-Көмүр финансы башкармалыгынын жетекчисине, кетирилген кемчилдиктерди жоюу боюнча жазма буйруктар берилген.

Аудиттин жыйынтыгы Таш-Көмүр шаардык мэриясы жана Таш-Көмүр шаардык кеңеши тарабынан атайын отурумда каралып тийиштуу тапшырмалар коюлган.

Жазма буйруктун аткарылышы боюнча Таш-Көмүр шаардык мэриясы тарабынан кетирилген кемчилдиктердин жоюлгандыгы боюнча 20.10.2023-жылы №01-13/238 жооп каттар жөнөтүлгөн. Курулуш, капиталдык ремонттор боюнча аныкталган кошуп жазуулар боюнча аткарылган жумуштардын актылары менен ордуна коюлуп маалыматтар берилген.

## ЖЫЙЫНТЫК:

**Таш-Көмүр шаарынын** 2023-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышына, бюджеттик, атайын жана башка каражаттардын пайдаланылышына жана муниципалдык ишканалардын ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн шайкештик аудитин жыйынтыгында жалпысынан **11077,2** миң сомдук каржылык бузуулар аныкталды, анын ичинен 10388,7 миң сом каржы бузуулар калыбына келтирилүүгө тийиш. Аудит учурунда толук калыбына келтирилди (*андан: бюджет боюнча 23,2 миң сом, бухгалтердик эсеп боюнча 10365,5 миң сом).*

**Бузуулардын классификатору боюнча:**

- **(220111)** Ченемдик төлөмдөрдү жүргүзүү жана кошумча каражаттарды берүү/бөлүү маселелеринде мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана/же чарба жүргүзүүчү субъекттердин чечимдеринин ченемдик-укуктук актыларга туура келбеши **144,5 миң сом**, ордуна коюлууга жатпайт;
- **(310209)** Мүлктү натыйжасыз башкаруу **544,0 миң сом**, ордуна коюлууга жатпайт;
- **(410205)** Эмгек акы, сапар чыгымы жана башка чыгымдарга төлөөдөгү бузуулар **23,2 миң сом**, аудит учурунда толугу менен бюджетке ордуна коюлду;
- **(310104)** Негизги каражаттарды кириштөө тартибин бузуу, негизги каражаттардын жана материалдык эмес активдердин эскиргендигин эсептөөдөгү бузуулар. Белгиленген тартипте кириштелбеген, эсепке алынбаган мүлктүн болушу **10365,5 миң сом**, ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда балanска кириштелип ордуна коюлду.

**Аудит объектилери боюнча:**

**1. Таш-Көмүр шаардык мэриясы боюнча** (*шаардын мэри К. Бектемиров, башкы эсепчиси Б. Асранкулова)* аудит мамлекеттик инспектор К. Ажиматов тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныктама жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 102-беренесинин 3-пунктунда «Жергиликтүү кеңештер кезектеги бюджеттик жылга жана пландуу мезгилге жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун, бюджеттик комиссиялардын корутундуларын карайт жана жергиликтүү бюджеттерди төмөнкү параметрлерди: кирешелерди, чыгашаларды, республикалык бюджеттен бөлүнүп берилүүчү теңдештирүүчү гранттардын өлчөмүн республикалык бюджетти бекиткенден кийин бир айдан кечиктирилбеген мөөнөттө бекитет” - деп көрсөтүлгөн талаптары сакталбай, 2023-жылга жергиликтүү бюджетти бекитүү Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджетти бекитүү жөнүндө мыйзамы 2023-жылдын 17-январында бекитилсе 16 күн бекитилген мөөнөттөн кеч, ал эми 2024-жылга Таш Көмүр шаарынын жергиликтүү бюджетин Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджетти бекитүү жөнүндө мыйзамы 2023-жылдын 12-январында бекитилсе, шаардык мэриясы 2024-жылдын 30-майында 3 ай 18 күн кеч бекитип Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинде көрсөтүлгөн мөөнөттөр бузулган.

**Сунуштама 1.** Жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана бекитүү, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 102-беренесинде көрсөтүлгөн мөөнөттөрдү сактоо менен тиешелүү жылга Кыргыз Республикасынын Республикалык бюджетин бекитүү жөнүндө мыйзамы кабыл алынгандан кийин бир айлык мөөнөттө бекитилсин.

**Аныктама жана корутунду 2.** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 51-беренесинде жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-майындагы № 302 «Айыл аймактарынын жана шаарлардын жергиликтүү бюджеттеринен каржылануучу билим берүү уюмдарын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин аймактык бөлүмдөрү аркылуу республикалык бюджеттен каржылоого которуу жөнүндө» токтомунда белгиленген талаптары сакталбастан, Таш-Көмүр шаардык билим берүү бөлүмүндө 2024-жылы жергиликтүү бюджеттен 1 штат бирдиги (электро-монтер) кармалып, жыл ичинде жалпы **144,5 миң сом** чыгымдалгандыгы аныкталды (анын ичинен эмгек акыга 123,2 миң сом, соц.фондго 21,3 миң сом) **(классификатор боюнча коду 220111)**.

**Сунуштама 2.** Таш-Көмүр шаардык билим берүү бөлүмү тарабынан жергиликтүү бюджет эсебинен кармалган штат бирдигин каржылоо токтотулсун, жергиликтүү бюджеттен каражаттарды бөлүштүрүүдө, КР Бюджеттик Кодексинин 51-беренесинин талаптарына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгаша милдеттенмелеринде көрсөтүлгөн чыгашаларга каржылоо көзөмөлгө алынсын жана шаардык билим берүү бөлүмүнүн чыгашалары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-майындагы № 302 «Айыл аймактарынын жана шаарлардын жергиликтүү бюджеттеринен каржылануучу билим берүү уюмдарын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин аймактык бөлүмдөрү аркылуу республикалык бюджеттен каржылоого которуу жөнүндө» токтомунун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныктама жана корутунду 3.** Таш-Көмүр шаардык мэриясы тарабынан республикалык бюджеттен Таш-Көмүр шаарын өнүктүрүүгө берилген каражат эсебинен 2024-жылдын ноябрь айында сатып алынган жалпы суммасы **544,0 миң сомдук** Дробилка (желим идиштерди майдалоочу) жабдуусу «Таш-Көмүр Тазалык» муниципалдык ишканасына өткөрүлүп берилип, бугүнкү күнгө чейин иштетилбей бюджеттик каражаттарды натыйжасыз пайдаланууга жол берилгендиги аныкталды **(классификатор боюнча коду 310209)**.

**Сунуштама 3.** Негизги каражаттарды, өндүрүштүк жабдууларды сатып алуу боюнча долбоорлорду даярдоодо пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүнө толук талдоо жүргүзүү менен долбоорду ишке ашырууга керектүү жабдууларды толук камсыздалуусу көзөмөлгө алынсын, сатып алууларды жүргүзүүдө бюджеттик каражаттарды натыйжасыз пайдаланууга жол берилбесин.

**2. Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кеңеши боюнча** (төрагасы С.Кудайбердиев, эсепчиси Б.Асранкулова) аудит мамлекеттик инспектор К.Ажиматов тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныктама жана корутунду 1.** Таш-Көмүр шаардык Кеңештин кызматтык сапар чыгымдарынын эсептелишине жана төлөнүшүнө жүргүзүлгөн аудит жыйынтыгында **16,1 миң сом** кызматтык сапар чыгымдоолоруна негизсиз төлөөлөр аныкталды. Атап айтканда, 2023-жылдын 29-апрелинде шаардык кеңештин 3 кызматкеринин карталык эсептерине кызматтык сапар чыгымдары үчүн которулган каражаттардын авансты к отчетторунда тастыктоочу документтер жок экендиги аныкталды.

Аудиттин жүрүшүндө аныкталган негизсиз төлөөлөр тиешелүү кызматкерлерден өндүрүлүп, 03.07.2025-жылдагы № 1486 банктык төлөм квитанциясы аркылуу бюджетке төгүлүп ордуна коюлду.

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 04.12.2025-жылдагы №778 “Иш сапардык чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө» токтому менен бекитилген ченемдер сакталсын, ашыкча төлөөлөргө жол берилбесин.

**3. КР Финансы министрлигинин Таш-Көмүр шаардык финансыв башкармалыгы боюнча** (жетекчиси А.Досалиева, жетектөөчү адиси Т.Көчөкеева) аудит мамлекеттик инспектор К.Ажиматов тарабынан жүргүзүлдү.

Шайкештик аудиттин жыйынтыгында, КР Финансы министрлигинин Таш-Көмүр шаардык финансы башкармалыгынын 2023-2024-жылдар мезгил аралыгындагы иши баардык негизделген олуттуу аспектеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**4. Таш-Көмүр шаарына караштуу Шамалды-Сай аймактык башкармалыгы боюнча** (башчысы Н.Жоробаев, башкы эсепчиси Э.Мырзакулова) аудит мамлекеттик инспектор К.Ажиматов тарабынан жүргүзүлдү.

Шайкештик аудиттин жыйынтыгында, Шамалды-Сай аймактык башкармалыгынын 2023-жлыдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 1-апрелине чейинки мезгил аралыгындагы иши баардык негизделген олуттуу аспектеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**5. Таш-Көмүр шаарына караштуу Кызыл-Жар аймактык башкармалыгы боюнча** (башчысы У.Б.Исабеков, башкы эсепчиси Б.Асранкулова) аудит мамлекеттик инспектор Т.Зулпиев тарабынан жүргүзүлдү.

Шайкештик аудиттин жыйынтыгында, Кызыл-Жар аймактык башкармалыгынын 2023-2024-жылдар мезгил аралыгындагы иши баардык негизделген олуттуу аспектеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**6. Таш-Көмүр шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаменти боюнча** (жетекчиси У.Керимкулов, башкы эсепчиси Ы.Эргешбаева) аудит мамлекеттик инспектор Т.Зулпиев тарабынан жүргүзүлдү.

**Аныктама жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 «Команировкалык сапар чыгымдарынын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруусунун тартиби жөнүндөгү» токтомунун 1-пунктунда белгиленген талаптарды бузуу менен департаменттин 4 жооптуу кызматкерине жол кире чыгымдары үчүн жалпы **7,1 мин сом** ашыкча төлөнгөндүгү аныкталды, анын ичинен: Н.Кошокбаевге 2,9 миң сом, Г.Райымбердиевага 0,3 миң сом, Ы.Эргешбаевага 0,3 миң сом жана Б.Мамырбаевге 3,6 миң сом **(классификатор боюнча коду 410205)**.

Аудит учурунда тийиштү кызматкерлерден өндүрүлүп, 2025-жылдын 03-июлундагы №1486/RCAS|4 банктык квитанциясы аркылуу бюджетке төгүлүп, калыбына келтирилди.

**Сунуштама 1.** Аванстык отчетторду кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 04.12.2025-жылдагы №778 “Иш сапардык чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө» токтому менен бекитилген ченемдер сакталып, ашыкча төлөөлөргө жол берилбесин.

**Аныктама жана корутунду 2.** Таш-Көмүр шаарынын Кызыл-Алма аймактык башкармалыгында жалпы суммасы **10365,5 миң сомдук** (узундугу 41 метр, туурасы 22 метр) кичи футболдук талаасы (мини футбольная поля) республикалык бюджет эсебинен (Жалал-Абад облусттык капиталдак курулуш башкармасы аркылуу) 2024-жылдын декабрь айында курулуп бүткөрүлгөн, 2024-жылдын 30-декабрында №52 Авизо алынган.

Аудиттин жүрүшүндө, Таш-Көмүр мэриясынын муниципиалдык менчик департаментинин башчысынын 2025-жылдын 02-июлундагы №4 буйругу менен түзүлгөн комиссия мүчөлөрү тарабынан муниципиалдык менчик департаментинин балансында турган негизги жана айланма каражаттарга, товардык-материалдык баалуулуктарга жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгында, жогоруда аталган кичи футболдук талаасы департаменттин балансында жок экендиги, б.а. кириштелбегендиги аныкталды **(классификатор боюнча коду 310104)**.

Аудиттин жүрүшүндө, 10365,5 миң сомдук 1 кичи футболдук талаасы боюнча 2025-жылдын 04-июлунда тийиштүү бухгалтердик проводка берилип, Таш-Көмүр шаарынын мэриясынын алдындагы муниципиалдык менчик департаментинин балансына коюлуп, калыбына келтирилди.

**Сунуштама 2.** КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын бузуу менен, Таш-Көмүр шаарынын мэриясынын алдындагы муниципиалдык менчик департаментинин аймагында курулган 10365,5 миң сомдук кичи футболдук талаа өз убагында муниципиалдык менчик башкармалыгынын балансына кабыл алынбай калуусуна жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**7. Таш-Көмүр шаардык маданият бөлүмү боюнча** (башчысы С.Садырбеков, башкы эсепчиси С.Джуманалиева) аудит мамлекеттик инспектор Т.Зулпиев тарабынан жүргүзүлдү.

Шайкештик аудиттин жыйынтыгында, Таш-Көмүр шаардык маданият бөлүмүнүн 2023-2024-жылдар мезгил аралыгындагы иши баардык негизделген олуттуу аспектеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**8. Таш-Көмүр шаардык дене тарбия жана спорт бөлүмү боюнча** (башчысы А.Маданбеков, эсепчиси Г. Малабекова) аудит мамлекеттик инспектор Т.Зулпиев тарабынан жүргүзүлдү.

Шайкештик аудиттин жыйынтыгында, Таш-Көмүр шаардык дене тарбия жана спорт бөлүмүнүн 2023-2024-жылдар мезгил аралыгындагы иши баардык негизделген олуттуу аспектеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**9. "Таш-Көмүр Тазалык" муниципалдык ишканасы боюнча** (директору Б.Кулматов, башкы эсепчиси Д.Жолдошбаева) аудит мамлекеттик инспектор М.Болушов тарабынан жүргүзүлдү.

Шайкештик аудиттин жыйынтыгында, "Таш-Көмүр Тазалык" муниципалдык ишканасынын 2023-2024-жылдар мезгил аралыгындагы иши баардык негизделген олуттуу аспектеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**10. "Суу-Чарба" суу менен камсыздоо боюнча чарбалык эсептеги ишканасы боюнча** (директору А.Джумашев, башкы эсепчиси А.Атакулова) аудит мамлекеттик инспектор М.Болушов тарабынан жүргүзүлдү.

Шайкештик аудиттин жыйынтыгында, "Суу-Чарба" суу менен камсыздоо боюнча чарбалык эсептеги ишканасынын 2023-2024-жылдар мезгил аралыгындагы иши баардык негизделген олуттуу аспектеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**11. “Таш-Көмүр жылуулук менен камсыздоо” муниципалдык ишканасы боюнча** (директору Н.Атабаев, башкы эсепчиси У.Мирзамдамова) аудит мамлекеттик инспектор М.Болушов тарабынан жүргүзүлдү.

Шайкештик аудиттин жыйынтыгында, муниципалдык ишканасынын 2024-жылдын 1-июлунан тартып 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы иши баардык негизделген олуттуу аспектеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**12. Таш-Көмүр жарчысы” коомдук саясий гезитинин редакциясы боюнча** (башкы редактору Г.Маматкулова, башкы эсепчиси Б. Дарибекова) аудит мамлекеттик инспектор М.Болушов тарабынан жүргүзүлдү.

Шайкештик аудиттин жыйынтыгында, муниципалдык ишканасынын 2023-2024-жылдар мезгил аралыгындагы иши баардык негизделген олуттуу аспектеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

## С У Н У Ш:

**1.** Таш-Көмүр шаардык мэриясында, бюджеттик мекеме уюмдарында жана муниципалдык ишканаларында жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары шаардык Кенештин депутаттарынын катышуусунда талкуулансын. Аныкталган каржы бузууларды жоюу жана мындан ары жол бербөө боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**2. Таш-Көмүр шаардык мэриясы боюнча:**

- Жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана бекитүү, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 102-беренесинде көрсөтүлгөн мөөнөттөрдү сактоо менен тиешелүү жылга Кыргыз Республикасынын Республикалык бюджетин бекитүү жөнүндө мыйзамы кабыл алынгандан кийин бир айлык мөөнөттө бекитилсин;
- Таш-Көмүр шаардык билим берүү бөлүмү тарабынан жергиликтүү бюджет эсебинен кармалган штат бирдигин каржылоо токтотулсун, жергиликтүү бюджеттен каражаттарды бөлүштүрүүдө, КР Бюджеттик Кодексинин 51-беренесинин талаптарына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгаша милдеттенмелеринде көрсөтүлгөн чыгашаларга каржылоо көзөмөлгө алынсын жана шаардык билим берүү бөлүмүнүн чыгашалары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-майындагы № 302 «Айыл аймактарынын жана шаарлардын жергиликтүү бюджеттеринен каржылануучу билим берүү уюмдарын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин аймактык бөлүмдөрү аркылуу республикалык бюджеттен каржылоого которуу жөнүндө» токтомунун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн;
- Негизги каражаттарды, өндүрүштүк жабдууларды сатып алуу боюнча долбоорлорду даярдоодо пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүнө толук талдоо жүргүзүү менен долбоорду ишке ашырууга керектүү жабдууларды толук камсыздалуусу көзөмөлгө алынсын, сатып алууларды жүргүзүүдө бюджеттик каражаттарды натыйжасыз пайдаланууга жол берилбесин.

**3. Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кеңеши боюнча:**

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 04.12.2025-жылдагы №778 “Иш сапардык чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө» токтому менен бекитилген ченемдер сакталсын, ашыкча төлөөлөргө жол берилбесин.

**4. Таш-Көмүр шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаменти боюнча:**

- Аванстык отчетторду кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 04.12.2025-жылдагы №778 "Иш сапардык чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө» токтому менен бекитилген ченемдер сакталып, ашыкча төлөөлөргө жол берилбесин;

- КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын бузуу менен, Таш-Көмүр шаарынын мэриясынын алдындагы муниципиалдык менчик департаментинин аймагында курулган 10365,5 миң сомдук кичи футболдук талаа өз убагында муниципиалдык менчик башкармалыгынын балансына кабыл алынбай калуусуна жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аймактык**
**бөлүмүнүн мамлекеттик инспектору-**
**аудит тобунун жетекчиси** **К. Ажиматов**